**5.4.**

# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ

# «ЖАШ МУГАЛИМДЕР МЕКТЕБИ» ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**КАРАЛДЫ**

Педагогикалык кеңештин
№ 2 - токтому
«9» ноябрь 2022 -ж.

**БЕКИТЕМ**

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин директору
_________ З.Э. Жээнтева
«9» ноябрь 2022 -ж.

**№97 жалпы орто билим берүү мектебинде «Жаш мугалимдер мектеби» жөнүндө ЖОБО**

**1. Жалпы жобо**

1.1. Бул жобо №97 жалпы орто билим берүү мектебинин жаш мугалимдеринин ишин жөнгө салуу максатында Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, мектептин жалпы жобосуна жана Уставына негизделип түзүлдү.

1.2. Жаш мугалимдердин мектеби – бул мектептин методикалык кызматынын структуралык элементи болуп эсептелет.

1.3. Жаш мугалимдер мектеби өз ишинде КРнын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын жетекчиликке алат, усулдук кенештин чечими, мектеп директорунун буйруктары жана ушул Жобонун негизинде иш алып барат.

1.4. Жаш мугалимдер мектеби - кызматка жаны келген жаш адисти окутуунун жана анын кесиптик денгээлин жогорулатуу боюнча иш жургузуунун бир түрү болуп саналат.

1.5. Жаш мугалимдер мектебин түзүүнүн максаты - жаш мугалимдерге мектептеги эмгек шарттарына тез адаптациялоосуна жана алардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүнде иштөөсөне көмөк көрсөтүү.

1.6. Бул Жобо мектептин укуктук ченемдик акты болуп саналат, мектеп директорунун буйругу менен бекитилет жана жаш мугалимдер мектебинин түзүлүшүн, иштешин жана жалпы тартибин аныктайт.

**2. «Жаш мугалимдер мектеби» негизги милдеттери**

2.1. Мектептин билим берүү процессинде жаш адистердин адаптацияланышы жана натыйжалуу иштеши үчүн шарттарды камсыз кылуу (башкаруучулук, методикалык, маалыматтык).

2.2. Жаш мугалимдерди мектеп ишинин баалуулук негиздери, педагогикалык билим беруу тутумуна туура келген технологиялар жана методдор,артыкчылыктуу багыттар менен тааныштыруу.

2.3. Жаш адистерди билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү менен окуучулардын контингенти менен тааныштыруу.

2.4. Белгилүү бир кырдаалда ата-энелердин жана окуучулардын контингенти учун туура аракеттенүү жолун түзүү жана иштөөнүн натыйжалуу жолдорун тандоо.

2.5. Жаш мугалимдерге кесиптик компетенттүүлүктүн денгээлин ачуу, билим берүүнун муктаждыктары жана кесиптик кыйынчылыктарды женүү жолдорун көрсөтүү.

2.6. Жаш мугалимдерге теориялык билимин өркүндөтүүгө, аны колдоно билүүгө жардам көрсөтүү жана алардын ийгиликтүү болушу үчүн кесиптик кондүмөрдү жана жөндөмдөрдү калыптандырууну иш жүзүндө колдонуу.

2.7. Инновацияны ишке ашырууда билим берүүдөгү мамилелер жана алдынкы педагогикалык технологиялар, маалыматтык жана усулдук маданияттын деңгээлин жогорулатуу боюнча жаш мугалимдерге жардам берүү.

2.8. Жаш мугалимдердин үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүү муктаждыктарын өнүктүрүү, кесиптик жактан өсүү жана өзүн-өзү, өнүктүрүүсү боюнча иштешине жардам көрсөтүү;

2.9. Жаш мугалимдин жеке педагогдук стилин калыптандырууга көмөктөшүү, жаштардын чыгармачыл жана жеке өсүшү үчүн оптималдуу шарттарды түзүү.

**3. Уюштуруу түзүм**

3.1. Жаш адистер жана мугалимдик кесипти жаны баштаган мугалимдер, 3 жылга чейинки эмгек стажы бар мугалимдер "Жаш мугалимдер мектебине" кабыл алынат.

3.2. "Жаш мугалимдер мектебине" кирүү кабыл алынганда автоматтык түрдө жүргүзүлөт.

3.3. "Жаш мугалимдер мектебинин" ишин мектептин усулдук кеңеши башкарат.

3.4. "Жаш мугалимдер мектебинин" ишин уюштуруу үчүн куратор дайындалат.

3.5. "Жаш мугалимдер мектебинин" ишине администрациянын өкүлдөрү, педагогикалык тажрыйбасы мол мектеп мугалимдери катыша алышат

3.6. "Жаш мугалимдер мектебинин" куратору жаш адистерди үйрөтүү ишинде усулдук бирикме жетекчилерин, мектептин психологун жана тажрыйбасы мол мугалимдерди өз ишине тартууга укуктуу.

3.7. "Жаш мугалимдер мектебинин" ишине төмөнкүлөр кирет:

- жаш мугалимдер мектеби жөнүндө жобо;
- жаш мугалимдер мектебинин иш планы;
- жаш мугалимдер мектебинин курамынын маалыматтар
- базасы: сандык жана сапаттык курамы (жашы, билими, адистиги, жалпы жана педагогикалык тажрыйбасы, жылы,
- жогорку окуу жайын бүтүрүү);
- жаш мугалимдер мектебинин иши жөнүндө отчет.

**4. "Жаш мугалимдер" мектебинин ишин уюштуруу**

4.1."Жаш мугалимдер мектебинин иши окуу жылынын учурундагы иш планына ылайык жүргүзүлөт;

4.2. "Жаш мугалимдер мектебинин" планын отурумда каралган куратору түзөт, мектептин методикалык кенеши жана директор тарабынан бекитилет.

4.3. Жаш адистердин чогулуштарынын үзгүлтүксүздүгү жаш адистердин муктаждыктарына жараша болот.

4.4. Жаш адистердин "Жаш мугалимдер мектебинде" окуу мөөнөтү эки жыл.

4.5. Жаш мугалимдер мектеби максаттарына жана милдеттерине ылайык төмөнкү иш-чараларды уюштурат:

- насаатчылыкты уюштуруу, жаш мугалим насаатчы менен бирдикте иштелип чыккан планга ылайык иштейт;
- жаш адистердин кесиптик кыйынчылыктарын диагностикалоо, билим берүүнү уюштурууда көп кездешүүчү каталардын алдын алуу, аларды жеңүүнүн мүмкүн болгон
- жолдорун издөө;
- мугалимдин жеке сапаттарын, кесиптик чеберчилигин, деңгээлин аныктоо максатында сурамжылоо жүргүзүү;

- окуу тарбия иш-чараларында уюштуруунун мазмуну, методдору жана формалары боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- мектептин окуу тарбия ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга жаш адистерге жардам берүү;
- окуучулардын класстан тышкаркы убакыттарда таанып-билүү, изилдөө иш-аракеттери (олимпиадалар, конкурстар, предметтик жумалар, аукциондор) активдештирүүнүн негизги
- багыттары жана формалары менен таанышуу;
- жаш мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүү үчүн шарттарды түзүү;
- тажрыйбалуу мугалимдер менен жолугушууларды уюштуруу,

4.6. Педагогикалык иштин ийгиликтүү тажрыйбасын көрсөтүү;

Иштин негизги формалары:

- окуу жана усулдук маселелер боюнча тегерек столдор, семинарлар;
- окутуучу-насаатчылардын жеке жана топтук консультациялары;
- ачык сабактар жана класстан тыкаркы иш-чаралар; сабактарга өз ара катышуусу;
- жаш мугалимдердин шаардык долбоорлорго катышуусун уюштуруу;
- өзүн-өзү өнүктүрүү.

**5. Милдеттери**

Жаш мугалимдер мектебинин катышуучулары төмөнкүлөргө милдеттүү:

5.1. Жалпы мугалимдердин ачык сабактарына катышуу.

5.2. Биргелешкен план боюнча мугалим-насаатчы менен иштөө.

5.3. Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу жана кесиптик билим берүү боюнча отчет тапшыруу.

**6. Укуктары**

Жаш мугалимдер мектебинин катышуучулары төмөнкүлөргө укуктуу:

6.1. Жаш мугалимдер мектебинин ишинин мазмуну жана иштөө режими боюнча сунуштарды киргизүү;

6.2. Жаш мугалимдер мектебинин ишине катышуу үчүн мектеп кызматкерлерин тартуу;

6.3. Жаш мугалимдер үчүн ачык иш-чараларды уюштуруу;

6.4. Чыгармачыл семинарларга жана билим берүүчү конференцияларга катышу;

6.5. Кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү үчүн билим берүү мекемесинин материалдык базасын колдонуу;

6.6. Мектеп администрацияснан, методист, тажрыйбалуу мугалимдерден (мугалим-насаатчылар) кеңеш алуу

**7. Жоопкерчилик**

Жаш мугалимдер, окутуучулар-насаатчылар жана жаш мугалимдер мектебинин куратору өзүнеөжүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн жоопкерчилик алат.